кырг
83.8
К 61

# IKEA компаниясынын негиздөөчүсү

# ИҢВАР КАМПРАДдан эмне үйрөнө алам?



китепстан

Кырг
83.8
К 61

## IKEA компаниясынын негиздөөчүсү

# ИҢВАР КАМПРАДДАН


## эмне үйрөнө алам?

Фредрик Колтиң жана Мелисса Медина
Сүрөтчү — Жордано Полони

китепстан

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 36292 б/р




# Кел, Иңвар Кампрад менен таанышалы

**Иңвар Кампрад – швециялык ишкер, IKEA компаниясынын негиздөөчүсү. Бул сырты көк, сары түстөгү эмерек дүкөн. Ичинде ысык хот-дог менен брусника кошулган фрикаделька да арзан сатылат. Бах, чиркин!**

**Иңвар заманбап эмеректерди арзан баада саткысы келген. Ал эмерек салганга жалпак таңгакты ойлоп тапкан. Ошондо аны ташып кетүү да, үйгө алып барып курап алуу да кардар үчүн оңой болгон.**

**Ал алгачкы бизнесин болгону беш жашында баштаган. Ошону менен эмерек жана үй буюмдарын саткан дүйнөдөгү эң ири компаниянын ээси болду. Ал ошол кезде эле дизайн, бизнес жана фрикаделька тууралуу бир нерселерди билсе керек.**


IKEA
Home furnishings



Иңвар дүйнөдө эч ким кыла элек нерсени жасады. Ооба, ал ар бир кишинин ыңгайлуу, заманбап эмереги болушуна жол ачты. Ошентип, ал дүйнөдөгү эң ийгиликтүү жана бай адамдардын бири болду. Бирок аны бул ийгиликке эмне жеткиргенин билесиңерби? Аны ийгиликке акча эмес, күчтүү ишеними жеткирди!

Иңвар элдин муктаждыктары бирдей экенине ишенген. Демек, аларга жасалган мамиле да бирдей болушу керек. Ал ашкан сарамжал, ошол эле учурда берешен киши болчу. Жардамга муктаж кишилерге көмөк көрсөтүүгө умтулган.

Ошондуктан аны кадимки “миллиардер ишкердей” караганга болбойт. Себеби Иңвар чыныгы лидер эле. Ал ишкердигин элдин бакубат жашоосу үчүн колдонгон.

## Иңвар Кампрад тууралуу

# КЫЗЫКТУУ ФАКТЫЛАР



1 5 жашында алгачкы бизнесин кошуналарына ширеңке сатуу менен баштаган.

2 Мектепти ийгиликтүү аяктаганы үчүн атасы берген акча менен 17 жашында IKEA'ны түптөгөн.







3 IKEA өзүнүн аты-жөнү Ingvar Kamprad (IK), туулуп-өскөн Elmtaryd (E) фермасы жана ага эң жакын Agunnaryd (A) айылынын баш тамгасынан турат.

4 Ал IKEA'нын эмеректерине шаардын, гүлдүн аталыштары сыяктуу оңой эске келген аттарды койгон.





5 Иңвар жөн эле акча короткондү жактырчу эмес. Колдонулган кийимдерди кийип, түшкү тамагын үйүнөн ала келчү.

6 Ал 87ге чыкканга чейин күн сайын талыкпай эмгектенген!







7 IKEA каталогун алгач 1951-жылы чыгарган. Учурда ал 30дан ашык тилде, 200 миллион нускада басып чыгарылат.

8 Ал күнүгө таңкы саат 5.30да турчу.






9 Ар бир күнүн 10 мүнөттүк бөлүктөргө бөлүп, ар бир бөлүгүн пайдалуу өткөрүүгө аракет кылган.

10 Анын сүйүктүү тамагы... хот-дог!




# Анда сөз башынан болсун...

Иңвар 1926-жылы Швецияда туулган. Ал карындашы менен чакан Агуннарыд айылынын жанындагы Элмтарыд аттуу фермада чоңойгон. Анын ата-энеси да, кошуналары да, кошуналарынын кошуналары да дыйкан болчу.



Айылда дыйканчылыктан
башка жумуш жок эле.
Жетиштүү азык-түлүк
жыйнаш үчүн баары тең
талаада тытынып иштечү.
Ушундан улам Иңвар аз жесе
азык-түлүк да аз түгөнөрүн
илгиртпей түшүндү.





Анткени менен Иңвар фермер болууга кызыккан жок. Ал башка бир нерсе жасагысы келчү. Ал чакан айылын айланта карап: "Элге тамактан башка эмне керек?" – деп ойлончу. "Алар үйгө керектүү буюмдарга муктаж. Демек, үй буюмдарын таап келип дыйкандарга сатсам кандай болот?" Ушундай ойдон улам, Иңвар болгону 5 жашында кошуналарына ширеңке сатуу менен алгачкы бизнесин баштаган. Ал 7ге чыкканда башка айылдарга урук, куттуктоо баракча, калем сап, кала берсе жаңы жылдык коздуктарды сатып, велосипеди менен жеткирип бере баштаган.



Албетте, Иңвар дагы мектепте окуган. Бирок бул ал үчүн оңойго турган жок. Себеби анын китеп окууга, сөздөрдү түшүнүүгө жолтоо болгон дислексия оорусу бар болчу.





Бирок ал катуу аракет менен эмнени болбосун жеңе аларын жакшы түшүнгөн. Ошентип, ал 17 жашында мектепти аяктады. Анын бул ийгилигине кубанган атасы атайын топтоп жүргөн акчасын ага берди. Иңвар: “Бул акча менен эмне кылсам болот?” – деп ойлонду. Жаңы велосипед алыш керекпи же машина сатып алган оңбу? Ооба, мунун баары кулакка жагымдуу болчу. Бирок Иңвардын кыялы булар болгон эмес.

# АЛ МЫНДАН ДА ЗОР НЕРСЕНИ КЫЯЛДАНЧУ!

1943-жылы Иңвар атасы берген акчага өзүнүн компаниясын түптөдү. Бул компания баягы 5 жашында ширеңке саткандай эле иштемек. Болгону чоң масштабда, жакшыраак жана көп буюм сатмак. Ал элдин керектөөсүн баамдап көргөн соң, анын компаниясы калем сап, намыян, сүрөт алкагын, саат, зер буюмдарын жана нейлон байпактарын сатмай болду.

Эми анын алдында “Компанияга кандай ат коюш керек?” деген суроо турду. Аябай катуу ойлонду.
Ingvar'дагы 'I' тамгасын, Kamprad'дагы 'К'ны, фермасы Elmtaryd'дын 'E'син, айылы Agunnaryd'дын 'A'сын пайдаланса кандай болот?



ТАМГАЛАП АЙТЫП КӨРДҮ. I-K-E-A. ООБА, IKEA БОЛОТ!



Иңвар алгач буюмдарын үйлөрдү кыдырып сатып жүрдү. Кийинчерээк почта менен сата баштады.



Чакан компаниясы акырын чоңоё баштады. 1948-жылы дагы бир кадам таштап, IKEA алгачкы эмерек түрмөгүн ишке киргизди.

Эмерек каражаттарын өзү өскөн Швеция токоюндагы жергиликтүү өндүрүүчүлөрдөн алгандыктан, кардарлары тез көбөйө баштады.







Иңвар көп эмерек сатууну эле көздөгөн эмес. Ал ашыкча акчасы жок үй-бүлөдө чоңойгондуктан, көп кишинин турмушун оңдоого аракет кылышым керек деп ойлочу.

Анын ою боюнча, эгер ар бир кишинин саркеч эмерек алуу мүмкүнчүлүгү болсо, анда алардын жашоосу да жакшырмак. Иңвар мына ушул оюн ишке ашырыш үчүн дээрлик ар бир кишинин акчасы жеткидей жакшы эмеректерди жасашы керек эле.

# АР БИР КИШИГЕ ЭМЕРЕК!

...им. К. Баялинова
НВ № 36292

Иңвар эмеректерин бүткүл Швецияга саткысы келчү. Ал үчүн эл сатып алууда колдонгудай каталог ойлоп тапты. Бул азыркы баарына белгилүү IKEA каталогу! Бирок өзүнүн дислексия оорусунан улам, каталогдогу түш келди коюлган товардык коддорун эстей алчу эмес.

## ОШОНДО IKEАНЫН БАРДЫК ӨНДҮРҮМДӨРҮН ЭСТЕГЕНГЕ ОҢОЙ СИСТЕМА ОЙЛОП ТАПТЫ.

Өндүрүмдөрдүн түрүнө карап, швед сөздөрүн колдоно баштады.



**Мисалы:**

- Ванна буюмдары – Швециядагы көлдөр
- Керебет кездемелери – гүлдөр жана өсүмдүктөр
- Балдар буюмдары – сүт эмүүчүлөр жана канаттуулар
- Такта, кеңсе товарлары – балдардын ысымдары
- Мата жана терезе пардалар – кыздардын ысымдары
- Дивандар, отургучтар, үстөлдөр – Швециядагы жер аттары
- Уктоочу бөлмөнүн эмеректери – Норвегиядагы жер аттары
- Килемчелер – Даниядагы жер аттары


Чынында өндүрүмдөрдүн аталыштары скандинавиялык эместер үчүн бир аз кызыктай угулганы менен, бул сонун ыкма болду!




IKEA
SHOWROOM




Иңвар атаандаштары эмеректерин арзан сата баштаганын көрүп, өзгөчө бир нерсе ойлоп табышы керектигин билди. Бир күнү ал унаага үстөл жүктөп жаткан кишини көрүп калды. Үстөл чоң болгондуктан, унаага батпай жатты. Бир маалда буттарын алып койду эле, үстөл оңой батып кетти! Мына сага идея! Демек, IKEA'нын бардык эмереги жалпак таңгактарда болууга тийиш. Мындай таңгактар орун ээлебейт. Акчаны да үнөмдөйт. Өз эмерегин өзү курап алуу кардарга да жагымдуу!





Мына эми анын ыңгайлуу баадагы эмеректери, каталогу, оңой аталыштары жана жалпак таңгактары бар. Демек, IKEA`нын алгачкы дүкөнүн ачуу учур келди! Бул дүкөн 1958-жылы Иңвардын айылына жакын жерде ачылып, Скандинавиядагы эң ири эмерек дүкөнү болуп калды! Иңвардын кубанычында чек жок! Ал кыялын кууп жүрүп, өзгөчө бир иш жасады!




Иңвардын идеялары ушуну менен эле бүтүп калган жок. Тескерисинче, идеялары көбөйө берди. Мисалы, кардар бир нече саат бою эмерек тандап жүрүп ачка болуп кетерин баамдады. Ошентип, ал эки жылдан кийин ошол эле дүкөндүн ичине алгачкы IKEA ресторанын ачты! Оох-х! Фрикаделькалар!


IKEA



IKEA бат эле Швецияга тарады. Андан соң Норвегия, Дания анан жалпы Европада орун-очок алды. Азыркы күндө дүйнөдө 300дөн ашык IKEA дүкөнү бар!

Бул алгачкы бизнесин велосипед менен ширеңке сатуудан баштаган бала үчүн жаман эмес!

IKEA

Иңвар Кампрад 2018-жылы 91 жашында каза болду. Ал улгайганына карабай иштеп жүрдү. 80ге чыкканда: “Мени 80 жаш коркутпайт, анткени менин дагы жасачу көп ишим бар. Керек болсо өлгөнгө да убактым жок” деген. Чынында дүйнөдө 300дөн ашык дүкөн, 32 тилде 217 миллион нускада чыккан каталогу бар ири компанияны түптөө кимге болбосун катуу таасир калтырат. Бирок эң таң калычтуусу – Иңвар ийгилиги үчүн эч качан манчыркабаганында.



Ал ошончо бай экенине карабай, жөнү жок акча короткон эмес. Ал жумушуна үйүнөн тамак ала келчү. Эски машинасын айдап, акчасын үнөмдөчү. Анткени ал бардыгы чектелүү экенин, эч нерсени ысырап кылбаш керек экенин  кичине кезинде эле билчү.



# ИҢВАР КАМПРАДДЫН ЖАШООСУНАН ӨРНӨКТӨР!

*Иңвар Кампраддын жашоосу тууралуу позитивдүү фактыларды тизмектейли*

## 1 ИҢВАР КАТА КЕТИРГЕН

Ал бир ирет миңткен: "Менчелик көп ката кылган киши дүйнөдө аз". Бирок ал кол куушуруп отуруп калбады. Ал ката кетирүү бул – үйрөнүү, дагы да жакшы болуу ыкмасы экенин көргөн.

## 2 ИҢВАР САРАМЖАЛ БОЛГОН

Ал балалыгында акча тартыштыгын көргөн. Ошондуктан убакытты, жерди, акчаны жөнү жок коротпоону үйрөнгөн. Мындай мүнөзү дүйнөдөгү эң бай кишилердин бири болгондо да өзгөргөн жок.





## ИҢВАР ТЕҢДИККЕ ИШЕНГЕН

3

Иңвар үчүн ар бир кызматкер өзүн кадырлуу сезип, баарына бирдей мамиле жасалышы маанилүү эле. Ал ашканадан тамактанып, менчик учак сатып алууга дарамети жеткенине карабай, эконом класс менен учкан. Ал бардыгы адилет болушун каалачу.


## ИҢВАР ЖООМАРТ БОЛГОН

4

Иңвар IKEA кайрымдуулук фондун негиздеген. Ал фонд мектеп салып, таза суу чыгарып, муктаждарга көмөк көрсөткөн. Өзүнө салыштырмалуу азыраак бакыт жылмайган кишилерге жардам берүүнүн мааниси көңүлүнүн түпкүрүндө жүргөн.

# КАНТИП ИҢВАР КАМПРАДДАЙ МЫКТЫ ИНСАН БОЛО АЛАМ?

Биринчиден, өзүң кандай болсоң дайыма ошондой бол. Анткени сен ансыз деле мыкты инсансың! Бирок тажрыйбалуу кишилерден үлгү алуу да эң сонун!



## ӨЗҮҢӨ ИШЕН!

Эгер Иңвар кыялдарына ишенбегенде, IKEA`ны эч качан түптөй алмак эмес. Ар нерсеге кызыгуусу идеяга бай болушуна жана элге эмне керек экенин баамдаганга шарт түзгөн. Ал жумушчуларына: "Биз "мүмкүн эмес" деген сөздү такыр колдонбойбуз" деп айтчу.

## ООР ЖУМУШТАН КОРКПО!

Өзүңө жаккан идеяны ишке ашырыш үчүн жан аябай иштешке туура келет. Эч бир нерсе оңой-олтоң келип калбайт. Бир нерсени үйрөнгөнгө аракет кылсак, ошол максатыбызга жеткенде ырахат алабыз.

## ЫСЫРАП КЫЛБА!

Биздин бир гана Жер планетабыз бар. Иңвар сууну агызган бойдон таштап коюу, тамакты ыргытуу же керексиз буюмду сатып алуу сыяктуу жосундарды токтотуп, ысырапка учуратпоо аркылуу планетабызга жардам бере аларыбызга ишенчү. Бул убакытка да тиешелүү. Телефон чукулап, маанисиз тасмаларды көрүп убакытты короткондон көрө, досторубуз менен баарлашып убакыт өткөргөн дурус.

УДК 82/821-93
ББК 83.84
Ф 86

What I Can Learn From The Incredible and Fantastic Life of Ingvar Kamprad
Copyright © 2019 Moppet Books

Ф 86 Фредрик Колтиң жана Мелисса Медина
Иңвар Кампраддан эмне үйрөнө алам? Которгон: Эрмек Шоруков,
Бишкек - 2023. 32 б. Сүрөтчү – Жордано Полони

ISBN: 978-9967-0-00-54-4

Иңвар Кампрад – белгилүү IKEA эмерек компаниясынын негиздөөчүсү, дүйнөдөгү эң ийгиликтүү ишкерлердин бири. Бул анын сүрөттүү өмүр таржымалы жаңы муунга жөн гана жагымдуу жасалганы эмес, анын компаниясын бийик деңгээлге чыгарган үнөмдүк менен теңдикке болгон көз карашын көрсөтөт. Китеп 6+ жаштагы окурмандарга арналат.

«Китепстан» басма үйүнүн директору: Бакытбек Абдуллаев
Редактор: Насыпбек Асанбаев
Корректор: Жетиген Асанбек
Верстка: Сыргакбек Абдырасов

Бардык укуктар корголгон. Анын ичинде басма үйүнүн жазуу жүзүндөгү уруксатысыз толук же жарым-жартылай кайра чыгарууга уруксат берилбейт.

ISBN: 978-9967-0-00-54-4
УДК 82/821-93
ББК 83.84
© «Китепстан» басма үйү, 2023



РБДЮ
36292 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Китептин мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Авторлор: Фредрик Колтиң
Мелисса Медина
Сүрөтчү: Жордано Полони

«Китепстан» басма үйүнүн директору:
Бакытбек Абдуллаев
Которгон: Эрмек Шоруков
Редактор: Насыпбек Асанбаев
Корректор: Жетиген Асанбек
Верстка: Сыргакбек Абдырасов

«Global Print»
басмаканасында басылды.
Нускасы: 6378 даана

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли

9 789967 000544